4. Ч.Айтматов. “Ак кеме”. – Бишкек. “Кадам” басма үйү. 2023.
5. Азизхўжаева Н.Н. Педагогик технология ва педагогик маҳорат. - Т.: ТДПУ, 2003
6. Холиқов А. Педагогик маҳорат. Ўқув қўлланма. Т.: «IQTISODMOLIYA» нашриёти, 2010,-312
бет.
7. А. Муратов Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаны технологиялары Таалим 2023.
8. Токтосунов А. Жаш муундарды тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу. – Бишкек: Билим, 2018.
9. Ш. Шодмонов, М. Халимов, Н. Файзуллаева. Билим берүү ишинин методологиясы. Т.2008 ж.

УДК 94. (575.2) **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.558**

АБИЙИРДИН АНТРОПОЛОГИЯСЫ: Ч. АЙТМАТОВДУН «БЕТМЕ-БЕТ» ПОВЕСТИНДЕГИ КОНЦЕПТУАЛДЫК МАҢЫЗ ЖАНА МОРАЛДЫК ДИЛЕММА

Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна - философия илимдеринин кандидаты,
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун доценти, Манас шаары,
ORCHID: 0000-0003-1642-3959, ***toktogulova.72@mail.ru,***
Машаев Манас Аширбекович - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окутуучусу Манас шаары,
*ORCHID: 009-0000-0780-080X, ,**manasmashaev75@gmail.com***
Усенов Адилет Алимжанович - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окутуучусу.Манас шаары,
https://orcid.org/0009-0007-0160-4139, a.usenov9600@gmail.com

АНТРОПОЛОГИЯ СОВЕСТИ: КОНЦЕПТУАЛЬНАЯ СУТЬ И МОРАЛЬНАЯ ДИЛЕММА В ПОВЕСТИ Ч. АЙТМАТОВА «ЛИЦОМ К ЛИЦУ»

Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна - кандидат философских наук, доцент
ЖАГУ имени Б. Осмонова г.Манас,
ORCHID: 0000-0003-1642-3959, ***toktogulova.72@mail.ru***
Машаев Манас Аширбекович - преподаватель ЖАГУ имени Б. Осмонова, г.Манас,
*ORCHID: 009-0000-0780-080X, **manasmashaev75@gmail.com,***
Усенов Адилет Алимжанович - преподаватель ЖАГУ имени Б. Осмонова, г. Манас
ORCID: 0009-0007-0160-4139, e-mail: a.usenov9600@gmail.com

ANTHROPOLOGY OF CONSCIENCE: CONCEPTUAL ESSENCE AND MORAL DILEMMA IN CHINGIZ AITMATOV’S NOVELLA «FACE TO FACE»

Toktogulova Guljamal Tynybekovna - ph.d. associate professor
of JAGU after B.Osmonov Manas city
ORCHID: 0000-0003-1642-3959, ***toktogulova.72@mail.ru***
Mashaev Manas Ashirbekovich - lecturer of JAGU named after B.Osmonov
*ORCHID: 009-0000-0780-080X, **manasmashaev75@gmail.com,***
Usenov Adilet Alimzhanovich - lecturer of JAGU named after B.Osmonov Manas city,
ORCID: 0009-0007-0160-4139, e-mail: a.usenov9600@gmail.com

Аннотация

Чынгыз таануучулар чөйрөсүнө сунушталып жаткан бул илимий макалада залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестинин концептуалдык маңызы тарыхый-философиялык жана экзистенциалдык аспектте илимий талдоого алынды. Негизги максат

катары повесттин өзөгүн түзгөн «бетме-бет» түшүнүгү жөн гана каармандардын ортосундагы кагылышуу эмес, бул инсандын өз абийири, коомдук жоопкерчилиги жана тарыхый милдети менен беттешүүсүнүн метафорасы катары кароо коюлду. Макалада тарыхтын философиясынын аспектисинде согуш шартындагы тоталитардык мамлекеттин катаал мыйзамдары менен инсандын жеке өмүрүн сактап калуу инстинктинин ортосундагы дилемма илимий өңүттө анализденди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башкы каарман Ысмайылдын образы аркылуу дезертирлик (качуу) - бул бир гана аскердик тартипти бузуу эмес, бул инсандын коомдук-моралдык деградацияга учуроосу жана дегуманизация (адамгерчиликсиздик, айбандашуу) процесси экени белгиленди. Ысмайылдын үңкүрдөгү изоляциясы (оолактануусу) анын адамдык табиятынан ажырап, жалаң гана биологиялык тирүү калуу деңгээлине түшүшүнүн символу катары чечмеленди. Ошону менен бирге, макалада Сейденин образына өзгөчө басым жасалып, анын жеке сүйүү сезиминен жалпы адамзаттык адилеттүүлүккө чейинки татаал эволюциялык жолу изилденди.

Түйүндүү түшүнүктөр: *Чыңгыз Айтматов, «Бетме-бет», абийирдин антропологиясы, дезертирлик, моралдык тандоо, социалдык адилеттүүлүк, дегуманизация, экзистенциалдык дилемма, тарыхый эс тутум.*

Аннотация

В данной научной статье, предлагаемой вниманию круга исследователей творчества Чингиза Айтматова, в историко-философском и экзистенциальном аспектах анализируется концептуальная суть повести «Лицом к лицу». Основная цель работы заключается в рассмотрении понятия «лицом к лицу», лежащего в основе произведения, не просто как столкновения персонажей, а как метафоры встречи личности со своей совестью, общественной ответственностью и историческим долгом. В контексте философии истории проводится научный анализ дилеммы между жесткими законами тоталитарного государства в условиях войны и инстинктом самосохранения индивида.

В ходе исследования на примере образа главного героя Ысмайыла отмечается, что дезертирство является не только нарушением воинской дисциплины, но и процессом социально-моральной деградации и дегуманизации личности. Изоляция Ысмайыла в пещере интерпретируется как символ его отчуждения от человеческой природы и падения до уровня сугубо биологического выживания. Наряду с этим особый акцент в статье сделан на образе Сейде, исследуется её сложный эволюционный путь от личного чувства любви до общечеловеческой справедливости.

Ключевые слова: *Чингиз Айтматов, «Лицом к лицу», антропология совести, дезертирство, моральный выбор, социальная справедливость, дегуманизация, экзистенциальная дилемма, историческая память.*

Abstract

This scientific article, offered to the community of scholars specializing in the works of Chingiz Aitmatov, provides a historical-philosophical and existential analysis of the conceptual essence of the novella Face to Face. The primary objective of the study is to examine the core concept of "face to face" not merely as a physical confrontation between characters, but as a metaphor for an individual's encounter with their own conscience, social responsibility, and historical duty. Within the context of the philosophy of history, a scholarly analysis is conducted on the dilemma between the rigid laws of a totalitarian state under wartime conditions and the individual's instinct for self-preservation.

The study demonstrates through the character of the protagonist, Ismail, that desertion is not only a violation of military discipline but also a process of socio-moral degradation and the dehumanization of the personality. Ismail’s isolation in the cave is interpreted as a symbol of his alienation from human nature and his descent to a level of purely biological survival. Furthermore, a special emphasis is placed on the character of Seyde, exploring her complex evolutionary path from personal feelings of love to the attainment of universal justice.

Key concepts: *Chingiz Aitmatov, "Face to Face", anthropology of conscience, desertion, moral choice, social justice, dehumanization, existential dilemma, historical memory.*

Киришүү. Ааламдын жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы дүйнөлүк адабиятта адам табиятынын татаалдыгын жана моралдык-этикалык чектерди изилдеген уникалдуу мейкиндик катары бааланат. Анын «Бетме-бет» повести согуштун баатырдык эпопеясын эмес, анын көмүскөдө калган трагедиялуу жана психологиялык жактан курч жактарын ачып берген алгачкы олуттуу кадамдарынын бири болуп саналат десек жаңылбайбыз. Бүгүнкү күндө бул чыгарманы тарыхый-философиялык өңүттөн кайрадан карап чыгуу, доордун социалдык чыңалуусун жана инсандык тандоо маселесин терең түшүнүүгө жол ачат. Согуш - бул мамлекеттик машинанын эң жогорку мобилизациялык чеги болсо, ал эми инсан ошол системанын ичиндеги өзүнүн экзистенциалдык маңызын сактап калууга умтулган субъект катары таанылат. Повесттин өзөгүн түзгөн «бетме-бет» концепциясы адамдын сырткы душман менен эмес, биринчи кезекте өзүнүн абийири жана социалдык милдети менен жолугушуусун туюнтат. Ысмайылдын дезертирлиги (качкындыгы) аркылуу жазуучу мамлекеттин катаал мыйзамдары менен жеке инсандын коркуу инстинктинин ортосундагы бүтпөс кагылышууну чагылдырган. Ошол эле учурда, Сейденин образы аркылуу жеке кызыкчылыктан коомдук адилеттүүлүккө чейинки руханий өсүү жолу илимий талдоого татыктуу негизги маселе болуп саналат. Бул изилдөөдө повестти тарыхый антропологиянын алкагында кароо, согуш мезгилиндеги кыргыз айылынын моралдык кодексин жана социалдык психологиясын деталдуу реконструкциялоого мүмкүндүк берет. Макаланын актуалдуулугу согуштун «адамдык баасын» жана абийир феноменин Айтматовдук концепциянын негизинде жаңыча баалоо зарылчылыгы менен шартталган. Жыйынтыктап айтканда, «Бетме-бет» повестин талдоо аркылуу биз тарыхтын татаал бурулуштарында адамдын моралдык бүтүндүгүн сактап калуу мүмкүнчүлүктөрүн илимий алкакта негиздейбиз.

Материалдар жана изилдөө методдору. Бул изилдөөнүн негизги материалы катары Чыңгыз Айтматовдун 1958-жылы жарык көргөн «Бетме-бет» повестинин түп нускасы жана анын мазмунундагы моралдык-этикалык конфликттер алынды. Изилдөө процессинде тарыхый-философиялык жана адабият таануу илимдеринин комплекстүү ыкмалары колдонулду. Негизги ыкма катары тарыхый-антропологиялык мамиле тандалып алынып, ал согуш мезгилиндеги кыргыз коомунун ички психологиялык абалын жана жеке инсандын жүрүм-турум моделдерин реконструкциялоого мүмкүндүк берди. Ошондой эле, чыгармадагы каармандардын ички толгонууларын жана социалдык тандоолорун талдоо үчүн экзистенциалдык анализ методу пайдаланылды. Чыгарманын текстиндеги жакшылык менен жамандыктын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин кагылышуусун изилдөөдө компаративдик (салыштырма) метод колдонулуп, Ысмайыл жана Сейденин образдары карама-каршылыктуу аспектте каралды. Изилдөөнүн теориялык базасын түзүүдө Айтматов таануучулардын илимий эмгектерине, согуш мезгилиндеги тарыхый документтерге жана этика илиминин фундаменталдык жоболоруна таянуу жасалды. Андан сырткары, каармандын деградацияга учуроо процессин илимий негиздөө максатында психологиялык параллелизм жана дедукция ыкмалары ишке ашырылды. Топтолгон материалдарды системалаштырууда логикалык жалпылоо жана тексттик интерпретациялоо методдору колдонулуп, автордун концептуалдык максаты илимий алкакта далилденди. Жыйынтыгында, тандалып алынган методдордун айкалышы повесттин концептуалдык маңызын дисциплиналар аралык деңгээлде терең ачып берүүгө шарт түздү.

Талкуулар жана тыянактар. Ааламдын жазуучусу аталган Чынгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестиндеги инсан жана тарыхый жоопкерчилик маселеси чыгарманын философиялык өзөгүн түзөт. Жазуучу бул теманы согуштун баатырдык фронтунда эмес, адамдын ички дүйнөсүндөгү моралдык майданда ачып бергендиги байкалат. Ысмайылдын дезертирлиги [1, 137] - бул жөн гана аскердик тартипти бузуу эмес, бул инсандын тарых алдындагы өз милдетинен жана жамааттык тагдырдан аң-сезимдүү түрдө качуусу.

Дезертирлик темасы бир катар илимий изилдөөлөрдүн объектисин түзгөндүктөн, дүйнөлүк деңгээлдеги илимий аспектиде көп эле талданган категориялардан. Ошондуктан, дүйнөлүк адабиятты өзүнүн чыгармалары менен толуктаган Ч.Айтматов дагы дезертир темасын Ысмайылдын образы менен берет: «Эми ал – качкын. Эми ал өз үйүнө ачык келе албайт, түн жамынып, уурданып келет...башка чоочун жерде отургансыйт...катуу сүйлөшкөндөн коркот» [1,146-б.] – деп адабияттын тили менен дезертир категориясына аныктама бергендиги көрүнүп турат.

В.А.Шапавалов: «Дезертирлик: кылмыштык-укуктук жана криминологиялык категория» [7] экендигине токтолсо, Ж.Т.Бокоева «Ысмайыл согушка баруудан баш тартып качып келүүсү» [5], тактап айтканда дезертир болуусун анализдесе, А.Д.Каксин жана Ч.А.Каксиндер «тагдыр дейт муну» [6]- деген Исмайылдын оюн, жүрүм-турумун дезертир катары мүнөздөшөт. Ал эми Т.Айталиева повестеги кээ бир маалыматтарга кескин сын пикирин билдирет [2].

Эми жазуучунун чыгармасын экзистенциалдык талдоого алалы. Бул абдан маани берип, талдай турган багыт болуп саналат. Анткени, согуштук кырдаал адамды чек аралык абалга (borderline situation) алып келет, мында Исмайылдын тандоосу – «адам катары өлүү же айбан катары тирүү калуу» дилеммасына барып такалат. Тактап айтканда, чыгармада чек аралык абалдагы эркиндик жана тандоо маселеси туруп, бул экзистенциализмдин негизги жобосу болуп, ал боюнча, адам - бул өзүн-өзү долбоорлоочу субъект болуп саналат. Согуш Ысмайылды кадимки социалдык ролдордон ажыратып, аны тагдыр чечүүчү тандоонун алдына коёт. Мындай шартта Ысмайылдын тандоосу физикалык жашоону моралдык болмуштан жогору койгондугу. Бирок экзистенциалдык көз караштан алып караганда, адамдын маңызы анын биологиялык тирүүлүгүндө эмес, анын эркин тандап алган жоопкерчилигинде. Ал эми Ысмайыл болсо, жоопкерчиликтен качуу менен, өзүнүн адамдык «Мен» деген маңызын жок кылды (Түшүмө кирбеген, ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фротко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем...жалгыз Ысмайыл менен иш бүтөбү?) [1, 147]. Ал эл катары колуна курал алып, эр кишинин образында эмес, качып-бозуп жүрүүнү, үңкүрдө болсо да жашынып жашоону эп көрдү.

Эми чыгармадагы үңкүр темасына кайрылсак, үңкүр - руханий изоляциянын символу катары берилген десек, жаңылбайбыз. Ал эми Ысмайыл жашаган үңкүр болсо, бул анын коомдон гана эмес, жарыктан, чындыктан жана өзүнүн адамдык маңызынан ажыраганынын метафорасы. Мисалы: «...кыштын суугунда, киши көрбөй, жан көрбөй үңкүрдө жата берип эмне болоор экенсиң?...Ысмайылдын суукка карарган бети кийиздей дулдуюп, кабагы ачылбайт. Колу кыска, болбосо ал бүт дүйнөнү өрттөп, өзүнүн ушул азаптуу жүрүшү үчүн өч алат эле. Жапан тиктеген көзү кызарып, зааарга толот да турат...Ысмайыл сак болуп, үңкүрдөн чыкпай...Ал дагы эчтеке эмес, баары келишип тургансып, Ысмайылдын арааны ачылып...канча ичсе да тойбой...күңгүрөнүп, түнөргөндөн түнөрүп...үңкүрдө жата берип жинди болуп кетеби..» [1, 166, 179, 180, 181-бб.] - деген образ Ысмайылдын руханий жашоодон изоляцияланганынын анык көрүнүшү.

Андан ары жазуучунун чыгармасында «Адам катары өлүү же айбан катары тирүү калуу» дилеммасын байкоого болот. Тактап айтканда, социалдык жандыктан биологиялык жандыкка өтүү абалында болуу көрүнүшү. Экзистенциалдык көз караштан алганда, адамды «адам» кылган нерсе - анын социалдык байланыштары, абийири жана башкалар алдындагы жоопкерчилиги. Ысмайыл дезертирликке кадам таштаганда, ал өзүнүн социалдык «менин» өлтүрүп, жалаң гана биологиялык жашоосун сактап калууну тандагандыгы байкалат: «...фронтко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем... өз башымды өзүм окко тосоор алым жок» [1, 147-б.], – деген Исмаилдин сөзү анын моралдык капитуляциясынын девизи катары кызмат кылат. Бул жерде каармандын жалаң гана физикалык аман калууну көздөгөн экзистенциалдык тандоосу ачык көрүнөт. Бирок бул - инсандык бийиктикти сактаган жашоо эмес, Айтматовдун таамай сүрөттөөсүндө, «айбандан айырмасы жок тирүү калуу» аракети. Ысмайылдын үңкүрдөгү обочолонгон жашоосу социалдык маанидеги «жашоо» категориясына кирбейт, ал болгону примитивдүү «жан сактоо» феномени болуп саналат.

Анын бүткүл аң-сезими адамдык максаттардан ажырап, тамак табуу жана кармалып калбоо сыяктуу примитивдүү инстинкттерге байланат. Жазуучу каармандын образы аркылуу адам адеп-ахлактан ажыраган учурда, анын максатсыз калган физикалык тирүүлүгү маанисин жоготорун философиялык тереңдикте далилдейт.

Жазуучунун чыгармасын тарыхый-философиялык аспектиде талдоону улантуу менен моралдык өлүм актысына токтоло кетүүбүз абзел. Анткени бул эпизод «адам катары өлүүнүн» ордуна «айбан катары тирүү калууну» тандагандын эң жийиркеничтүү натыйжасы, башкача айтканда ошол көрүнүштүн Ысмайылдын образы аркылуу берилиши.

Чыгармада Ысмайыл өзүнүн аман калышы үчүн жетимдердин ырыскысына кол салып, түн ичинде эттин бир бөлүгүн Сейдеге алып келет. Ошондо Сейденин: «...турмушундагы бардык ишенгенинен, сүйгөнүнөн ажырап, азап, кордук тартып сактаган кишиси, анын бардык жакшы тилек, үмүттөрүн жерге тебелеп, жексен кылганда...ал дүйнөдөн безип, алда кайда качып кеткиси келди» [1, 235-б.] - делген образы аркылуу Ысмайылдын өзүнүн ичиндеги адамдык касиетти акыркы жолу «союп» таштагандыгын байкоого болот. Эгер ал фронтто окко учса, ал «адам» бойдон өлмөк. Ал эми үңкүрдө, башканын кайгысынын эсебинен тирүү калуу менен, ал өзүнүн адамдык маңызын биротоло жоготкондугу: «...үйүрүнөн ажыраган бөрү кебетеленип, жапайы болуп баратат...Киши эл менен киши да. Элсиз киши жашай алабы. «...Жалгыз балам элден качып-бозуп жүрсө... энеси өлүм алдында жатса да элдин алдына ушул азыр каракчыдай кейпи менен чыгып барууга даабады... бир караганга адам, бир караганга түрү суук айбан жаткандай...» [1, 188, 190, 218, 220-бб.], – деген саптар каармандын коомдон гана эмес, өзүнүн табигый-биологиялык тамырларынан (энелик мээрим, үй-бүлөлүк байланыш) ажыраганын тастыктайт. Ысмайылдын өлүм алдында жаткан энесине бара албагандыгы - анын экзистенциалдык коркуусунун энелик ыйык сезимден жогору турганынын далили. Жазуучунун «бир караганга адам, бир караганга түрү суук айбан» деген сүрөттөөсү каармандын ички дүйнөсүндөгү адамдык сапаттардын биротоло жеңилгендигин жана анын трансформациясын (адамдан айбанга айлануусун) таамай мүнөздөйт. Бул жерде «бетме-бет» келүү концепциясы каармандын өз тагдыры, өз каны жана жакындарынын кайгысы менен жолугушууга батына албаган моралдык алсыздыгы катары ачылат. Демек, Айтматов үчүн абийирдин өлүмү - адамдын физикалык тирүүлүгүн «түрү суук айбандыкка» теңеген эң оор жаза.

Адамдык касиеттен айбанга чейинки аралык образы Чынгыз Айтматовдун чыгармасындагы эң күчтүү психологиялык момент болуп саналып, ал момент Сейденин Ысмайылдын көзүнөн «бөтөн бирөөнү» көргөнүн айтууга болот. Автордун пикирине ылайык, ошол күнгө чейин Сейде Исмаилдин жубайы катары анын саткындыгын, кылмышкерлигин жана дезертирлигин жеке сүйүүсү жана үй-бүлөлүк ишенимдин негизинде актоого, жашырууга аракет кылып келген [4, 52]. Бирок Тотойдун уюнун союлушу жана Исмаилдин моралдык чекке жетиши Сейденин көз карашын түп тамырынан бери өзгөртөт.Тактап айтканда, Сейде Ысмайылдын көзүнөн мурунку сүйүктүү жарын эмес, коркунучтуу, жат жандыкты, деградацияланган адамды көрөт. Бул жерде «бетме-бет» келүү -бул адамдык сүйүүнүн айбандык коркуу менен беттешүүсү. Сейденин аң-сезиминде Ысмайылдын инсандык бейнеси мурун эле «өлгөн» деп кабыл алынат. Анын алдында сүйүктүү жары эмес, болгону «денеси гана тирүү, бирок ичиндеги адамы жок бир макулук» катары элестетилген жат бирөө турат. Жазуучу муну Сейденин төмөнкүдөй кескин корутундусу менен бекемдейт: «Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкасың, жат адамсың... өз элин ушундай жоо сайышканда таштап, коргологон, акыр түбү өз элине душман болот экен да... Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө ушундан сакташ керек эле...» [1, 236-б.]. Мындай түмөн түйшүктүү ойлор Сейденин чачын бир эле түндө агарткандыгы - анын ички дүйнөсүндөгү психологиялык катастрофанын жана моралдык тазаланууунун (катарсис) көрсөткүчү. Бул эпизод Ысмайылдын адамдык касиеттен айбандык абалга чейинки деградациялык жолунун акыркы чекити катары кызмат кылат. Сейденин бул ачуу чындыкты кабыл алышы - анын жеке сүйүү сезиминен жалпы адамзаттык адилеттүүлүккө карай жасаган тарыхый секириги болуп саналат.

Илимий талдоо үчүн тандалып алынган дилемманын тарыхый-философиялык жыйынтыгы болуп, Чынгыз Айтматовдун «тирүүлүк - бул абсолюттук баалуулук эмес» деген концепцияны иштеп чыгуусу жана элге тартуулоосу. Маселен, «адам катары өлүү» - бул баатырдык болбосо дагы, бул адамдык деңгээлди сактап калуунун бирден бир жолу экендиги чыгарманын мазмунунан байкалат. Ал эми «айбан катары тирүү калуу» - бул трагедия, анткени мындай тирүүлүк коом үчүн да, инсандын өзү үчүн да эч кандай мааниге ээ эмес. «Бетме-бет» повестиндеги Ысмайылдын тирүү калганы - анын эң чоң жазасы, анткени ал эми эч качан адамдардын катарына кошула албагандыгы, ушул тагдырдын башкалар үчүн сабак болуусу.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестин тарыхый-философиялык жана экзистенциалдык аспектте изилдөө, жазуучунун адам табияты тууралуу терең гуманисттик концепциясын ачып берүүгө мүмкүндүк бергендиги бир катар окумуштуулар тарабынан белгиленип келет [3, 255-263-бб.]. Изилдөөнүн жүрүшүндө башкы каарман Ысмайылдын образы аркылуу дезертирлик - бул жөн гана мыйзам алдындагы кылмыш эмес, биринчи кезекте инсандын моралдык капитуляциясы жана анын коомдук-биологиялык деградациясынын башталышы экендиги далилденди. Каармандын үңкүрдөгү жашоосу жана анын «айбандык» деңгээлге түшүшү - адамдын өз абийиринен жана тарыхый жоопкерчилигинен качуусунун логикалык натыйжасы катары бааланды.

Макалада талдангандай, Айтматовдун чыгармачылык концепциясында «тирүүлүк - бул абсолюттук баалуулук эмес». Жазуучу инсанды «адам катары өлүү же айбан катары тирүү калуу» дилеммасынын алдына коюу менен, адамдын маңызы анын физикалык денесинде эмес, анын моралдык бүтүндүгүндө жана адилеттүүлүккө болгон мамилесинде экенин көрсөтөт. Сейденин образы бул изилдөөдө жеке сезимдерден (сүйүүдөн) жогору турган жалпы адамзаттык адилеттүүлүктүн символу катары ачылды. Анын чечими - бул чыккынчылык эмес, тескерисинче, коомдун моралдык саламаттыгын сактап калууга багытталган катарсистик кадам.

Демек, «Бетме-бет» повести бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, тарыхтын татаал бурулуштарында инсандык бейнени сактап калуунун маанилүүлүгүн эскертип келет. Тарыхый-антропологиялык мамиле аркылуу жасалган бул талдоо, Айтматовдун чыгармасы согуш доорундагы кыргыз коомунун этикалык кодексин жана инсандын экзистенциалдык тандоо мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырган эң маанилүү илимий-философиялык булактардын бири экендигин дагы бир жолу тастыктайт.

Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Б.: Улуу тоолор, 2014.- 520б.
2. Айталиева Т.К. Ч. Айтматовдун чыгармаларында согуш темасынын берилиши (Көчүрүп алуу: 14.02.2026-жыл. https://goo.su/EtWR97F).
3. Аккиева С.И. Проблемы нравственности в произведениях Ч.Айтматова и К.Кулиева // Culture and Civilization. 2021, Vol. 11, Is. 6A(Көчүрүп алуу: 14.02.2026-жыл).
4. Арукенова О.А. Колониальный и постколониальный дискурс в дебютном тексте писателя (Ч.Айтматов, Т.Абдик, Л.Калаус и.др.): докт (PhD).фил.наук / О.А.Арукенова.-Алматы, 2023.- 121б.
5. Бокоева Ж.Т. Место национальной культуры в произведениях Ч.Айтматова (на примере повести «Лицом к лицу») // Бюллетень науки и практики / Bulletin of Science and Practice http://www.bulletennauki.ru Т. 8. №6. 2022, https://doi.org/10.33619/2414-2948/79 (Көчүрүп алуу: 14.02.2026-жыл).
6. Каксин А.Д., Каксин Ч.А., Решимость на поступок: об идейном содержании повести Чынгыз Айтматова «Лицом-к лицу» // International Journal of Humanities and Natural Sciences, vol. 2-1 (53), 2021 (Көчүрүп алуу: 14.02.2026-жыл).
7. Шаповалов В.А. Дезертирство: уголовная-правовая и криминологическая характеристика: канд.юр.наук / В.А.Шаповалов.-Иркутск, 2009.- 237б.